**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**К.И. СКРЯБИН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ УЛУТТУК АГРАРДЫК
УНИВЕРСИТЕТИ**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫНЫН
БИОТЕХНОЛОГИЯ ИНСТИТУТУ**

**Д.06.17.566 диссертациялык кеңеши**

Кол жазма укугунда
УДК: 636.39.082.13(575.2)

**ЖЭЭНБЕКОВА БУРУЛАЙ ЖОЛБОЛДУЕВНА**

# КЫРГЫЗСТАНДЫН ТҮШТҮК-БАТЫШ ШАРТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ ЖҮНДҮҮ ПОРОДАСЫНДАГЫ ЭЧКИЛЕРДИН БИОЛОГИЯЛЫК-ГЕНЕТИКАЛЫК ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ ЖАНА ЧАРБАЛЫК ПАЙДАЛУУ БЕЛГИЛЕРИ

06.02.07 – айыл чарба малдарын өстүрүү,
асылдандыруу жана генетикасы

**Айыл чарба илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын
изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын
АВТОРЕФЕРАТЫ**

**Бишкек – 2018**

Scanned with CamScanner

Сну-дин
шешимуне ылайык

**Илимий эмгек Жалал-Абад мамлекеттик университетинин ветеринардык медицина кафедрасында илимий изилдөөлөрдүн тематикалык планынын алкагында аткарылды.**

**Илимий жетекчи:** айыл чарба илимдеринин доктору, профессор Альмеев Ирик Абдуллаевич

**Расмий оппоненттер:** айыл чарба илимдеринин доктору, профессор Чортонбаев Тыргоот Джумадиевич

айыл чарба илимдеринин кандидаты, доцент Нуржанов Эркинбай Кеңешбекович

**Жетектөөчү (оппоненттик) уюм:** ТОО Казак мал чарба жана тоют өндүрүү илим изилдөө институнун кой чарбачылыгы боюнча илим изилдөө институту, Алмата ш.

Илимий эмгекти коргоо 2018-жылдын «19» октябрында саат «10⁰⁰» К.И. Скрябин атындагы Кыргыз улуттук агрардык университетине (720005, Бишкек ш., Медерова к., 68) жана КР УИАнын биотехнология институтуна караштуу Д.06.17.566 диссертациялык кеңешинин отурумунда өтөт.

Илимий эмгек менен К.И. Скрябин атындагы Кыргыз улуттук агрардык университети менен КР УИАнын биотехнология институтунун китепканаларынан жана www.knau.kg сайтынан таанышууга болот, дареги: 720005, Бишкек ш., Медерова к., 68.

**Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы Д.06.17.566, а.ч.и.к.:** **Ч.Т. Кадырова**

Scanned with CamScanner

## ИЗИЛДӨӨНҮН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Бүгүнкү күндө дүйнө жүзүндө эчкилердин саны тездик менен көбөйүүдө өзгөчө сүт, эт жана аралаш багыттагы эчкилерди көбөйтүүгө негизделет (Д.А. Левантин, 1995).

Жүн жана тыбыт багытындагы эчки чарбачылыгынын өнүгүүсү кашмир – тыбыт жана могер – жүнүндө болгон талаптын жогорулашы менен аныкталат (Е.Б. Запорожцев, 1992). Дүйнө жүзү боюнча эчкилердин саны 2000 жылдан 2007 жылга чейин 27,0 % га, эт өндүрүмү – 26,3 % га, сүт өндүрүмү – 19,7 % га жогорулады. Кыргызстанда эчки өстүрүү айыл чарбабыздын негизги тармагы болуп саналат, узак убакыт аралыгында жаңы тукумдарды чыгаруунун натыйжасында кыргыздын жүн жана кыргыздын тыбыт тукумдар эчкилери түзүлгөн. Эчкинин кыргыз жүн тукуму Баткен облусунун Кадамжай районунда асыл тукум чарбасында түзүлүп жана 1996 - жылы апробацияланган. Мында кыргыз жүндүү эчкилердин мүнөздүү өзгөчөлүктөрү жана продуктивдүү сапаттары изилденген (Т. Калилов ж.б. 1974-1982 жж.).

Бирок, үч он жылдыктын ичинде кыргыз жүндүү эчкилерди багуу жана асыроо шарттары кыйла өзгөрүлгөн, негизги бөлүгү калктын жеке жана фермердик чарбаларында багылууда. Ошол себептен кыргыз жүндүү эчкилердин сандык жана сапаттык абалы кыйла өзгөрүүгө учураган. Ал өзгөрүүлөрдү терең жана ар тараптуу изилдөө зарылчылыгы келип чыккан. Ушуга байланыштуу бул илимий изилдөө иштин темасы актуалдуу болуп саналат.

**Диссертациянын темасынын илимий мекекмелерде жүргүзүлгөн ири илимий программалар, негизги илимий-изилдөө иштери менен болгон байланышы.** Илимий эмгек боюнча изилдөөлөр Жалал-Абад мамлекеттик университетинин ветеринардык медицина кафедрасынын жана Кыргыз мал-чарба жана жайыт илим изилдөө институттун «Эчкилердин жана койлордун генофондун сактоо жана жакшыртуу» мамлекеттик илимий тематикалык пландардын алкагында өткөрүлдү («Эчки жана койлордун генофонду», Мамкаттоо №0006671).

**Изилдөөлөрдүн максаты жана милдеттери.** Изилдөөлөрдүн негизги максаты бул түштүк-батыш Кыргызстандын жеке фермердик чарбалардын шартында өстүрүлгөн кыргыз жүндүү тукумундагы эчкилердин биологиялык жана генетикалык өзгөчөлүктөрүн, чарбалык пайдалуу белгилерин аныктоо болуп саналат. Бул максатты аткаруу үчүн төмөндөгүдөй негизги милдеттер алдыга коюлган:



Scanned with CamScanner

1. кыргыз жүн тукумундагы эчкилердин өстүрүлүп жана багылып жаткан зонасынын табигый – чарбалык шарттарын жана жүн продуктуулугунун өрчүү абалын изилдөө;

2. азыркы типтеги кыргыздын жүндүү эчкилеринин экстерьердик-конституционалдык жана жогорку продуктуулук жөндөмдүүлүгүн изилдөө;

3. кыргыздын жүндүү эчкилеринин биологиялык (интерьердик) өзгөчөлүктөрүн, белгилеринин генетикалык-статистикалык параметрлерин изилдөө;

4. асыл тукум фермердик чарбалардын шарттарында кыргыз жүндүү эчкилерди өстүрүүнүн экономикалык натыйжалуулугун изилдөө.

**Алынган жыйынтыктардын илимий жаңылыгы.** Изилденүүчү тарабынан алгачкылардан болуп Түштүк-батыш Кыргызстандын жеке фермердик чарбаларынын шарттарында комплекстүү изилдөөлөрдүн негизинде азыркы типтеги кыргыз жүндүү породадагы эчкилердин биологиялык-генетикалык жана чарбалык пайдалуу белгилери аныкталды.

**Алынган натыйжалардын практикалык маанилүүлүгү.** Аткарылган изилдөөлөрдүн жыйынтыктарынын негизинде жүн багытындагы эчкилердин асыл тукумдарын алуу селекциясын андан ары улантуу керектигин жана жеке фермердик чарбаларда кыргыз жүндүү эчкилерди өстүрүү боюнча практикалык сунуштар берилет. Ошол себептен эчкилердин продуктуулугу жана жүнүнүн сапаты жогорулайт, анын негизинде жергиликтүү калктын социалдык – материалдык абалы да жакшырат. Практикалык сунуштар «Эчкилерди өстүрүү жана багуу боюнча методикалык сунуштар» колдонмодо берилди (2012).

**Алынган жыйынтыктардын экономикалык маанилүүлүгү.** Азыркы типтеги кыргыздын жүн тукумундагы эчкилерди өстүрүү экономикалык жактан кирешелүү экендиги такталды. Эң жогорку акча кирешеси асыл тукум эчкилерди өстүрүүдөн алынат, булардан салмактуу жана жогорку сапаттагы жүн кыркылып алынат, ошондой эле кунардуу улактар алынат. Экономикалык натыйжалуулугун эсептегенде асыл тукум эчкилердин 1000 башын өстүрүүдөн 562237 сом кошумча киреше табылат.

**Диссертациянын коргоого алып чыгарылуучу негизги жоболору.** Экстерьеринин жана дене түзүлүшүнүн өзгөчөлүктөрү, тирүү салмагы, ар кандай жыныстагы топтордун жүн продуктуулугу жана жүнүнүн сапаты, эт продуктуулугу жана эттин сапаты, клиникалык – физиологиялык көрсөткүчтөрү жана башка интерьердик өзгөчөлүктөрү, белгилердин генетикалык-статистикалык параметрлери жана жеке фермердик чарбаларда азыркы типтеги кыргыз жүндүү тукумдагы эчкилерди өстүрүүнүн экономикалык натыйжалуулугу.



Scanned with CamScanner

**Изденүүчүнүн жеке кошкон салымы.** Илимий эмгек изденүүчү тарабынан азыркы типтеги кыргыз жүндүү тукумдагы эчкилердин чарбалык пайдалуу белгилери, биологиялык-генетикалык өзгөчөлүктөрү жана өстүрүүнүн экономикалык натыйжалуулугу аныкталды.

**Диссертациянын жыйынтыгынын апробациясы.** Диссертациянын негизги жыйынтыктары Эл аралык, республикалык илимий-практикалык конференцияларда баяндалып, талкууланды: Жалал-Абад мамлекеттик университетинин илимий-практикалык конференцияларында (Жалал-Абад, 2008, 2010, 2013, 2014); К.И. Скрябин атындагы Кыргыз улуттук агрардык университетинин илимий-практикалык конференцияларында (Бишкек, 2010, 2013, 2014); Кыргыз мал чарба жана жайыттар илимий-изилдөө институтунун илимий-практикалык конференцияларында (2011, 2012, 2014); И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университенин илимий-практикалык конференциясында (2014); Эл аралык илимий-практикалык конференциясында (Улан-Уде, 2015); Эл аралык илимий-практикалык интернет-конференцияларында (Ставрополь, 2015).

**Диссертациянын жыйынтыктарынын толук жарыяланышы.** Диссертациянын темасы боюнча негизги 18 илимий макалалар жарыяланган.

**Диссертациянын түзүлүшү жана көлөмү.** Диссертация 103 барак компьютердик тексте жазылган, ал кириш сөздөн, адабий серептерден, изилдөөнүн материалы жана ыкмаларынан, изилдөөнүн жыйынтыктарынан, корутундулардан турат жана практикалык сунуштар камтылган. Ошондой эле 28 таблица жана 12 сүрөттөр (фото, диаграмма, графиктер) менен кооздолгон. Адабияттардын тизмеси 119 илимий булактарды камтыйт.

## ИШТИН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Изилдөө материалдары жана ыкмалары.** Негизинен изилдөөлөр Баткен облусунун Кадамжай районундагы кыргыздын жүн тукумундагы эчкилерди өстүрүүчү жеке фермердик чарбаларында, Жалал-Абад мамлекеттик университетинин жана Кыргыз мал-чарба жана жайыт илим изилдөө институттун лабораторияларында жүргүзүлдү.

Изилдөөлөр 1 – сүрөттө берилген схема боюнча жүргүзүлдү.

Сырткы көрүнүшү жана дене түзүлүштөрүн индекстерин аныктоодо Ф.Красотанын ж.б.(1990-ж.) ыкмасы колдонулду.

Продуктуулугун аныктоодо ГОСТ – 25955-83 ж. Айыл чарба асыл тукумчулук жаныбарлардын жана «Тыбыт жана жүн багытындагы эчкилердин селекциясындагы изилдөө типтик усулу ВНИИОК (1981) жоболору эске алынды.



Scanned with CamScanner

Асыл тукумдуу ар кандай жыныстагы эчкилердин далысынын артында аныкталды: жүнүнүн узундугу (см), жүнүнүн ичкелиги (см) OFDA – 2000 аппаратынын жардамында. Жүнүнүн сапаты ичкелигине карата Брадфорддун классификациясы менен эсептелинди. Мындан сырткары, боз жана кара жүндөрдө өтмө жүндүн, тыбыттын өзу жана талчаларынын болушун жана 1 $см^2$ теридеги жүндөрдүн жыштыгын аныктадык. Мында ВНИИОКтун (1984) жана ВАСХНИЛдин (1981) ыкмалары колдонулду.

Эт продуктуулугу жараксыз деп эсептелген эчкилердин жана текелердин союулушун контролдоо менен аныкталды. Эттин химиялык курамы жана калориялуулугу лабораториялык анализ аркылуу жалпы берилген ыкма менен аныкталды.




1 сүрөт. Кыргыздын жүн тукумундагы эчкилердин биологиялык – генетикалык өзгөчөлүктөрүн жана чарбалык пайдалуу белгилерин аныктоонун изилдөөлөрүнүн схемасы



Scanned with CamScanner

Клиникалык – физиологиялык жана гематологиялык көрсөткүчтөрү 10 тубар эчкилердин минутасына пульсунун жана дем алуусунун жыштыгын аныктоо менен жүргүзүлдү, кандын пробаларынын биохимиялык анализи жалпы берилген ыкма менен аныкталды.

Селекциялык белгилердин генетикалык - статистикалык параметрлери: фенотиптик өзгөргүчтүгү, кайталануучулук жана фенотиптик корреляциялары Н.А. Плохинский (1969) жана Е.Ф. Меркурьевдин (1970) вариациялык статистика жана биометрия усулдары боюнча аныкталды.

Кыргыз жүндүү эчкилердин экономикалык эффективдүүлүгүн аныктоодо алардын продуктуулугу, негизги продукциянын сатылуу баасы жана алынган акча кирешеси эсепке алынды. Мал чарбасында асыл тукум алууда селекциялык жетишкендиктерди колдонуу менен кошумча экономикалык эффекти эсептөө үчүн МСХ СССР и ВАСХНИЛ, 1980 усулу боюнча атайын формула колдонулду.

Адабий жана башка булактарды талдоо менен дүйнө жүзүндө жүн багытындагы эчки өстүрүүчүлүк негизинен ангор тукумундагы эчкилер менен мүнөздөлөт. Ангор байыркы тукум болуп саналат дагы ал илгертен бери эле Турциянын айрым региондорунда өстүрүлгөн. Андан ары ангор эчкилери бөлөк мамлекеттерге жана контингенттерге таралып, таза тукумда багылып жана жүнүнүн сапатын жакшыртуу үчүн аргындаштыруунун натыйжасында жаңы генотиптер алынган.

Кыргызстанда ангор породасы жүн багытында колдонулуп келген. Ошентип көп жыл аралыгында жүргүзүлгөн асыл тукум жана илимий – изилдөө иштердин натыйжасында Баткен областынын Кадамжай районунда ангор жана кыргыз эчкилерди аргындаштыруудан керектүү типтеги кыргыз жүндүү эчкилердин тукуму апробацияланган (1996) жана жаңы селекциялык жетишкендик катары (1998) белгиленген.

**Экстерьер жана дене түзүлүшүнүн өзгөчөлүктөрү.** Кыргыз жүндүү эчкилер тулкусу чоң, дене мүчөлөрү пропорционалдуу гармониялуу өрчүгөн. Башы чоң, мүйүзүнүн формасы ангор эчкилердикиндей ичкери карай винт сымал буралган. Сөөгү жакшы өрчүгөн, бирок бир аз короluraак, жумшак, булчуң катмары жакшы өрчүгөн. Түсү боз.

Текелердин жана серкелердин экстерьер ченемдеринин чоңдуктары эчкилердин өлчөмдөрүнөн жогору, чычандын бийиктигинен сырткары: эчкилерде 64,7±0,8, текелерде 62,5±1,3 см (1 таблица).

Чоң эчкилер сыяктуу эле бир жашар улактардын ченемдеринин ортосунда да айырмачылык байкалат. Жыныстык диморфизм так даана байкалат б.а. текелердин денеси эчкилерге караганда чоң жана жайылган болот.

Экстерьердин ченемдеринин көрсөткүчтөрүндө жаштык жана жыныстык айырмачылыктардын болушу башка эчкилердин тукумдарына да мүнөздүү экендигин көптөгөн авторлор белгилейт.



Scanned with CamScanner

1 таблица – Кыргыз жүндүү породадагы текелердин жана эчкилердин экстерьеринин ченемдери

| Ченемдер | өндүргүч текелер (n=7) | | | Тубар эчкилер (n=21) | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | M±m, см | G, см | Cv % | M±m, см | G, см | Cv % |
| Мүрү бийиктиги | 66,0±3,2 | 8,2 | 12,4 | 61,0±1,11 | 3,7 | 6,1 |
| Денесинин кыйгач узундугу | 67,1±1,6 | 4,3 | 6,4 | 54,7±1,9 | 6,4 | 11,1 |
| Чычандын бийиктиги | 62,5±1,3 | 9,3 | 6,9 | 64,7±0,8 | 2,7 | 4,2 |
| Көкүрөк көөдөнүнүн курчоосу | 96,8±3,8 | 10,0 | 10,3 | 81,1±0,9 | 9,1 | 10,1 |
| Көкүрөктүн туурасы | 21,5±2,6 | 6,9 | 22,1 | 16,0±0,7 | 2,3 | 4,4 |
| Көкүрөктүн тереңдиги | 24,3±1,9 | 5,0 | 20,0 | 20,7±0,7 | 2,5 | 2,6 |
| Жамбаш туурасы | 18,6±0,5 | 13,1 | 10,4 | 14,6±0,7 | 2,2 | 15,1 |
| Шыйрак курчоосу | 8,9±0,6 | 10,0 | 11,2 | 8,1±0,3 | 1,0 | 12,3 |

Жаш өткөн сайын денесинин көлөмү жогорулайт ченемдердин абсолюттук көрсөткүчтөрү өсөт. 1,5 жашында ченемдердин көпчүлүгүнүн көрсөткүчү 60-80 % же андан көбүрөөк болот (2-таблица).

Текелердин жана эчкилердин дене түзүлүшүндө дагы айырмачылыктар бар. Бул негизинен жыныстык диморфизмге байланыштуу б.а. текелердин дене түзүлүшү эчкилерге караганда чоңураак болот.

2 таблица – 1,5 жаштагы жаш эчкилердин, чоң текелердин жана эчкилердин экстерьер ченемдеринин катышы

| ченемдер | Текелер | | | Эчкилер | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | чоң, см | 1,5 жаш, см | 1,5 жаш % менен | Чоң, см | 1,5 жаш, см | 1,5 жаш, % |
| Мүрү бийиктиги | 66,0 | 52,1 | 78,9 | 61,0 | 49,6 | 81,3 |
| Денесинин кыйгач узундугу | 67,1 | 41,0 | 61,1 | 54,7 | 45,4 | 83,0 |
| Чычандын бийиктиги | 62,5 | 55,3 | 88,5 | 64,7 | 61,7 | 92,0 |
| Көкүрөк көөдөнүнүн курчоосу | 96,8 | 65.1 | 67,2 | 81,1 | 63,7 | 78,5 |
| Көкүрөктүн туурасы | 21,5 | 11,4 | 51,2 | 16,0 | 11,5 | 71,9 |
| Көкүрөктүн тереңдиги | 24,3 | 22,2 | 91,3 | 27,0 | 21,5 | 79,6 |
| Жамбаш туурасы | 18,6 | 11,0 | 59,1 | 14,6 | 11,0 | 75,3 |
| Шыйрак курчоосу | 8,9 | 7,2 | 80,9 | 8,1 | 6,8 | 83,9 |

3 таблицада көрсөтүлгөндөй, кыргыз жүндүү эчкилердин тукумун түзүү мезгилиндеги жыйналган Т. Калиловдун (1982) маалыматтарын салыштырганда, азыркы типтеги жүндүү эчкилердин денеси бир аз кыскараак жана салмактуу келет, көбүнчө булардын экстерьер ченемдеринин көрсөткүчтөрү дагы ангор тукумундагы эчкилерден жогору болот.

**Ар кандай топтогу эчкилердин тирүүлөй салмагы.** Тоолуу – жайыттуу шарттарда багылган мал жандыктардын денесинин салмагы

жана чоңдугу өзгөчө мааниге ээ, себеби чоң жандыктар майда жандыктарга салыштырмалуу жакшы өрчүгөн болот жана продуктуулугу да жогору болот. Айрым авторлордун маалыматы боюнча (И.А. Альмеев, 1975, Т. Калилов, 1982 ж.б.) эчкилердин тирүү салмагы жылдын ар түрдүү мезгилинде ар кандайча болот. Эң жакшы семирген убагы күз мезгили болот, ушул убакта алардын тирүү салмагы башка мезгилдерге салыштырмалуу кыйла жогору болот. Ошондуктан эчкилердин тирүү салмагын күз мезгилинде берилген колдонмо (КР АЧМ бонитировка боюнча колдонмосу, 2010) боюнча өлчөө керек.

3 таблица – Ар кандай тукумдагы жана типтеги эчкилердин экстерьер ченемдеринин салыштырмалуу маалыматтары, см

| Экстерьер промерлердин аталышы | Жергилик-түү кыргыз кылчык жүндүү | Ангор тукуму | Кыргыз жүндүү типтеги эчкилер (Т. Калилов боюнча, 1982) | Кыргыз жүндүү тукуму |
|---|---|---|---|---|
| Мүрү бийиктиги | 61,9 | 56,8 | 57,5 | 61,0 |
| Денесинин кыйгач узундугу | 65,5 | 59,3 | 62,1 | 54,7 |
| Чычандын бийиктиги | 63,8 | 57,9 | 60,1 | 64,7 |
| Көкүрөк көөдөнүнүн курчоосу | 28,8 | 27,1 | 28,8 | 27,0 |
| Көкүрөктүн туурасы | 15,5 | 15,2 | 16,0 | 16,0 |
| Көкүрөктүн терендиги | 78,3 | 67,5 | 79,8 | 81,1 |
| Жамбаш туурасы | - | - | 7,7 | 8,1 |

4 таблица - Кыргыз жүндүү эчкилердин (күзүндө) тирүү салмагынын көрсөткүчтөрү (АТФ «Шамшы-Ата»)

| Группалары | n | Тирүү массасы, кг | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | M ± m, кг | ±G, кг | CV, % | Min-max, кг |
| Өндүргүч текелер | 7 | 56,8 ± 3,0 | 7,8 | 13,7 | 45 - 67 |
| Тубар эчкилер | 21 | 36,2 ± 3,4 | 11,2 | 5,5 | 28 - 55 |
| 1 жашка чейинки: | | | | | |
| теке улактар | 14 | 19,9 ± 1,7 | 3,4 | 17,1 | 15 – 22,5 |
| ургачы улактар | 14 | 19,1 ± 0,4 | 0,9 | 4,5 | 18 - 20 |
| серкелер | 7 | 73,6 ± 2,4 | 6,3 | 8,5 | 61 - 77 |

4 таблицада көрсөтүлгөндөй текелердин күз мезгилиндеги орточо салмагы 56,8±3,0 кг болот жана бул көрсөткүч 45 - 67 кг чейин жетет, асыл тукум эчкилердики 36,2±3,4 кг жана 28 - 55 кг чейин болот. Эң жогорку салмакта серкелер болот, алардын орточо салмагы 73,6±2,4 кг, айрымдарында 77 кг. чейин жетет.

5 - таблицада берилген текелер менен эчкилердин тирүүлөй салмагынын салыштырмалуу мүнөздөмөсүн карасак, мында азыркы



Scanned with CamScanner

типтеги жүндүү текелердин жана эчкилердин тирүүлөй салмагы ангор жана кыргыз жүндүү эчкилердин салмагынан кем калышпайт.

**Жүн продуктуулугу жана жүндүн сапаты.** Ангор тукумундагы эчкилердин жүнү бир өңчөй, жарым уяң, ак, люстра сымал жалтырактуу келет, ал өтмө кылдан (80,9 %), анчалык көп эмес тыбыттан (17,3 %) жана кыска кылкандан (1,8%) турат. Жүнү бышык жана бекем болот. Таза жүндүн чыгышы 65-75 %.

5 таблица – Кыргыз жүндүү жана ангор эчкилердин тирүүлөй салмагынын салыштырмалуу мүнөздөмөсү, кг

| Эчкилердин топтору | Көрсөткүчтөр | Ангор эчкилери (П.Ф. Кияткиндин маалыматы боюнча) | Кыргыз жүн-дүү типтеги эчкилер (Т. Калилов боюнча) | Кыргыз жүндүү тукуму |
|---|---|---|---|---|
| Текелер | максим. | 63,0 | 72,5 | 67,0 |
| | миним. | 52,0 | 52,0 | 45,0 |
| | орточо | 57,0 | 57,0 | 56,8 |
| Эчкилер | максим. | 40,5 | 40,5 | 55,0 |
| | миним. | 32,0 | 32,0 | 28,0 |
| | орточо | 36,0 | 36,0 | 36,2 |

**Жүнүнүн структурасы.** Кыргыз жүндүү эчкилердин жүн катмарын штопор жана толкундуу өрүлгөн жүндөр түзөт. Атайын аспап (2х2см) менен таралып алынган жүн үлгүлөрүн лабораторияда тараза усулу менен аныктаганда, эчкилердин жүнү жалпысынан өтмө жүндөн, тыбыттан жана катуу булалардан тураары аныкталды. Өтмө жүндүн салыштырмалуу салмагы орточо текелерде 94,7 %, эчкилерде – 87,9 %, бир жашар козуларда 5,3 %, у маток – 12,1 %, бир жашар ургаачы улактардыкы – 7,3 %, ал эми түктүү булалары орточо 1,3 % түзөт.

**Жүндүн жыштыгы.** Жаныбарлардын көп жүндүүлүгүн мүнөздөөчү негизги селекциялык белги болуп саналат, ал теринин 1 см$^2$ аянтчасында ар кандай типтеги жүндүү булалардын саны менен аныкталат. Жүргүзүлгөн анализ боюнча кыргыз жүндүү эчкилердин ар кандай типтеги булалардын саны төмөндөгүчө: теке – өндүрүүчүлөрдүн саны 2030 даана, өтмө буласы 1979 даана болот. Эчкилердин саны – 4183, өтмө буласы - 3676, бир жылдык улактарда – 5554 жана 5086 даана болот.

**Жүндүн узундугу** жүндүн кыркылышын жана анын технологиялык сапаттарын аныктайт. Ангор эчкилери узун жүндүү эчкилер болуп саналат. Жүнүнүн узундугу жылдын ар кайсы мезгилинде өлчөндү б.а. буланын ар кайсы өсүү убактысында. Ар кандай особдордогу капталынан алынган жүнүнүн узундугунун салыштырмалуу көрсөткүчтөрү 6-таблицада берилген.



Scanned with CamScanner

7 - таблицада «Шамши-Ата» асыл тукум фермада жүнү кыркылганга чейинки кыргыз жүндүү эчкилердин жаз мезгилинде капталынан алынган жүндүн узундугу боюнча биометрикалык маалыматтар берилген.

6 таблица – Ар кандай жаштагы кыргыз жүндүү эчкилердин жүнүнүн узундугу боюнча салыштырмалуу маалыматтар

| Эчкилердин тобу | Жүндүн орточо узундугу, см | | | |
|---|---|---|---|---|
| | 9 айлык мезгилинде | 12 – айлык мезгилинде | | Т. Калилов боюнча (1982 г.) баалуу тип |
| | | Эсеп боюнча | Иш жүзүндө | |
| Текелер | 15,8 | 21,1 | 22,4 | 21,9 |
| Эне эчкилер | 15,6 | 20,8 | 21,0 | 22,0 |
| 1 жашар эркек улактар | 16,3 | 19,6 | 21,8 | - |
| 1 жашар ургачы улактар | 15,5 | 18,6 | 21,2 | 20,8 |
| серкелер | 16,2 | 21,6 | 23,0 | - |

7 таблица – Жаз мезгилинде кыргыз жүндүү эчкилердин жүнүнүн узундугу боюнча көрсөткүчтөр (АТФ «Шамшы-Ата»)

| Эчкилердин группалары | n | M±m, см | ±G, см | Cv, % | Min-max,см |
|---|---|---|---|---|---|
| Текелер | 10 | 22,4±1,07 | 3,40 | 15,2 | 18,0-28,0 |
| Эне эчкилер | 15 | 22,3±1,06 | 4,10 | 18,5 | 18,0-30,0 |
| 1 жашар эркек улактар | 7 | 20,5±0,91 | 2,41 | 11,7 | 17,0-23,0 |
| 1 жашар ургачы улактар | 9 | 20,7±0,73 | 2,19 | 10,6 | 17,0-23,0 |
| серкелер | 7 | 22,4±0,32 | 0,55 | 3,8 | 22,0-23,5 |

Текелердин жана эчкилердин жүнүнүн узундугу 18-30 см чейин болот, вариациялык коэффициенти Cv - 15,2 - 18,5 % барабар, бир жашар улактардыкы 17 - 23 см болот, Cv -10,6 - 11,7 % барабар, серкелердики Cv - 3,8 %.

Жүндүн ичкелиги (буланын диаметри) могердин сапатын аныктоочу негизги көрсөткүч. Жүндүн ичкелиги OFDA-2000 аппаратында аныкталды (8- таблица).

8 таблица - Кыргыз жүндүү эчкилердин жүнүнүн ичкелиги боюнча алынган маалыматтар

| Эчкилердин тобу | n | M±m, мкм | G, мкм | Cv, % | Min-max, мкм | Брадфорд. классиф. боюнча жүндүн сапаты |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Текелер | 5 | 37,9 ±1,27 | 9,7 | 26,2 | 28,6-44,2 | 44 (56-36) |
| Серкелер | 4 | 361±0,57 | 8,7 | 24,2 | 33,1-40,0 | 44 (50-44) |
| Эчкилер | 4 | 28,3±0,93 | 7,4 | 25,6 | 24,4-32,5 | 56 (60-50) |
| 1 жашар улактар | 3 | 26,0±0,75 | 8,3 | 25,7 | 22,0-28,0 | 58 (64-56) |



Scanned with CamScanner

Эң ичке жүн бир жашар улактарга жана эне эчкилерге мүнөздүү (26,0-28,3 мкм). Текелердин жана серкелердин жүнү жоон келип, 36,1-37,9 мкм түзөт, айрым особдордо Cv-24,2-26,2 мкм болот. Алынган маалыматтарды Брадфорд классификациясы менен салыштырганда: эне эчкилердин жүнүнүн сапаты орточо 56, серкелердин жана серкелердин сапаты – 44 жана жылдык улактардыкы – 58 сапатта.

Жүндүн кыркылышы ар кандай жаштык-жыныстык топтордо жүнүн кырккан маалда аныкталды. Биометриялык эсептөөлөрдүн маалыматы 9-таблицада берилген.

9 таблица – Жүнүнүн кыркылышы боюнча кыргыз жүндүү эчкилердин мүнөздөмөсү

| Группалары | Жүнүнүн кыркылышы, кг | | | |
|---|---|---|---|---|
| | M±m | G | Cv, % | Min-max |
| Текелер | 3,7±0,2 | 0,4 | 10,8 | 3,5-4,5 |
| Тубар эчкилер | 1,8±0,2 | 0,3 | 18,7 | 1,4-2,3 |
| 1 жашар: | | | | |
| эркек улактар | 1,2±0,1 | 0,3 | 25 | 0,8-1,5 |
| ургачы улактар | 1,1±0,1 | 0,2 | 16,7 | 1,0-1,4 |
| Серкелер | 4,6±0,1 | 0,2 | 4,3 | 4,3-4,9 |

Жүнүнүн кыркылышы боюнча эң жогорку көрсөткүчтөр серкелерге (4,6±0,1 кг) жана текелерге (3,7±0,2 кг) мүнөздүү, эне эчкилердин жүнүнүн кыркылышы 1,8±0,1 кг түзөт. Мыкты текелерден 4,5 кг, эне эчкилерден 2,3 кг жүн кыркылып алынган.

**Эттин продуктуулугу жана анын сапаты.** «Шамши - Ата» фермердик чарбасында сентябрь айында кыргыз жүндүү эчкилердин этинин сапатын аныктоо максатында 2,5 жашар эне эчкилер жана серкелер союлган. Бул жандыктар тоолуу жайлоолордо багылып семиз болчу. Союлганга чейин эне эчкилердин салмагы 38 кг, текелердики 42 кг болгон. Алынган маалыматтар 10 - таблицада көрсөтүлдү.

Таблицада көрсөтүлгөндөй, союлган текелердин этинин салмагы 18,7 кг, эне эчкилердики – 17,7 кг түзөт, эттин чыгышы эне эчкилердики 46,6 %, текелерде – 44,5 %. Алынган маалыматтарды башка авторлордун маалыматтары менен салыштырганда кыргыз жүндүү эчкилердин эт продуктуулугу канаатандыраарлык деп эсептесе болот.

Денесининин бөлүктөрүнүн салмагын сорттоп бөлүп караганда арка далылуу бөлүгү -10 %, көкүрөк бөлүгү – 26 %, арткы бөлүгү – 33 % түзөт. Эттүүлүк коэффициенти (эт менен сөөктүн катышы) 2,4 - 2,5 ке барабар. Кыргыз жүндүү жана жергиликтүү кылчык жүндүү эчкилердин этинин биохимиялык курамы жана калориялуулугу боюнча салыштырмалуу көрсөткүчтөрү 11 таблицада берилген.



Scanned with CamScanner

болуп изилденди. Дени соо эчкилердин нормалдуу көрсөткүчтөрү төмөндөгүдөй болду: пульстун жыштыгы бир мүнөт аралыгында 70-80 жолу согот, дем алуу жыштыгы 15-50 %, дененин температурасы 39-70 °С болот.

Биз алгачкылардан болуп кыргыз жүндүү эне эчкилердин (n=10) күз мезгилинде канынын морфологиялык жана биохимиялык көрсөткүчтөрүн изилдедик. Лабораториялык анализдин жыйынтыгында айрым особдордун өзгөргүчтүгүнүн орто эсеп көрсөткүчтөрү камтылган жана бул өзгөрмөлүүлүгү 12 таблицада көрсөтүлгөн.

12 таблица - Кыргыз жүндүү породадагы эчкилердин (n = 10) морфологоиялык курамы жана биохимиялык көрсөткүчтөрү

| Көрсөткүчтөрү | Өлчөө бирдиги | M $\pm$ m | G | CV, % | Өзгөрүүлөрү (min – max) |
|---|---|---|---|---|---|
| Эритроциттер | млн. даана. | 22,92 $\pm$1,93 | 6,11 | 2,66 | 13,47 - 29,19 |
| Лейкоциттер | тыс. даана. | 3,81 $\pm$ 0,37 | 1,16 | 3,041 | 1,85 - 570 |
| Гемоглобин | г % | 9,72 $\pm$ 0,40 | 1,28 | 1,31 | 8,4 - 12,6 |
| Белок | г % | 7,74 $\pm$ 0,55 | 1,37 | 2,26 | 5,25 - 11,52 |
| Кальций | мг % | 12,7 $\pm$ 0,56 | 1,70 | 1,69 | 8,78 - 12,82 |
| Фосфор | мг % | 2,25 $\pm$ 0,8 | 0,23 | 1,02 | 2,00 – 2,66 |
| Резервдүү щелочтуулук | мг % | 499 $\pm$ 43,69 | 138,16 | 2,8 | 400 – 860 |

Эритроциттердин көп болуп жана лейкоциттердин аз болушу башка авторлордун маалыматтарын салыштырып кароо менен кандын физиологиялык абалына жана гемоглобиндин түрлөрүнүн айырмачылыктарына байланыштуу.

**Белгилердин генетикалык – статистикалык параметрлери** популяциянын генетикалык структурасын аныктоочу жана массалык селекциянын эффективдүүлүгүн мүнөздөөчү көрсөткүчтөр.

**Белгилердин өзгөргүчтүгү.** Тирүү масса, жүн продуктуулугу жана жүндүн сапаты боюнча алынган маалыматтардын негизинде кыргыз жүндүү эчкилердин фенотиптик өзгөргүчтүгүнө анализ жүргүздүк, жыйынтыгы 13 таблицада берилди.

Таблица 13 – Кыргыз жүндүү эчкилердин селекциялык белгилеринин фенотиптик өзгөргүчтүгү

| Эчкилердин тобу | Тирүүлөй салмагы | | | Кыркылып алынган жүн | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | М,кг | Min-max,кг | Cv, % | М, кг | Min-max,кг | Cv, % |
| Текелер | 56,8 | 45-67 | 13,7 | 3,7 | 3,5-4,5 | 10,3 |
| Тубар эчкилер | 36,2 | 28-55 | 15,5 | 1,6 | 1,4-2,3 | 18,7 |
| Эркек улактар | 19,9 | 15-22,5 | 17,1 | 1,2 | 0,8-1,5 | 25,0 |
| Ургаачы улактар | 19,1 | 18-20 | 9,5 | 1,1 | 1,0-1,4 | 16,7 |



Scanned with CamScanner

13 таблицанын уландысы

| Эчкилердин тобу | Жүндүн узундугу | | | Жүндүн ичкелиги | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | М, см | Min-max,см | Cv, % | М, мкм | Min-max, мкм | Cv, % |
| Текелер | 22,4 | 18-28,0 | 15,2 | 37,9 | 28,6-44,2 | 26,2 |
| Тубар эчкилер | 22,3 | 18-29 | 18,5 | 28,3 | 24,4-32,5 | 25,6 |
| Эркек улактар | 20,5 | 17-23 | 11,8 | 26,5 | 22,0-28,5 | 25,8 |
| Ургаачы улактар | 20,7 | 17-23 | 10,6 | 26,0 | 22,0-28,0 | 25,7 |

Ар кандай группадагы жана ар кандай региондордогу эчкилер тирүү массасы, жүнүнүн кыркылышы, жүндүн узундугу жана ичкелиги боюнча айырмаланышат. Вариациялык коэффициент боюнча да айырмачылыктар байкалат, мисалы, жүнүнүн ичкелиги (диаметри) боюнча көрсөткүчтөр 25,7-26,2 % түзөт.

**Белгилердин кайталанышы.** Корреляциялык анализдин усулу боюнча ар кандай жаштагы эне эчкилердин кайталануучулук коэффициенти (ru) аныкталды (14 таблица).

14 таблица - Кыргыз жүндүү породадагы эчкилердин продуктуулук белгилеринин кайталануучулугу

| Эчкилердин группалары | Жашы | Кайталануучулук коэффициенти (ru) | | |
|---|---|---|---|---|
| | | Тирүүлөй массасы | Кыркылып алынган жүн | Жүндүн узундугу |
| Эне эчкилер | 6 ай -1 жыл | 0,33 | - | - |
| «- « | 1 жыл-1,5 жыл | 0,37 | - | - |
| « - « | 1 жыл-2 жыл | 0,39 | 0,44 | 0,46 |
| « - « | 1 жыл-3 жыл | 0,35 | 0,47 | 0,51 |

Ар кандай жаштагы алынган кайталануучулук коэффициенттеринин чоңдугу төмөндөгүчө алынды: кыркылып алынган жүн боюнча 1 – 2 жылда 0,44, 1 – 3 жашта – 0,47 жана жүндүн узундугу боюнча – 0,46 жана 0,51. Тирүүлөй салмагы боюнча кайталануучулук коэффициенти ар кандай жашта 0,33 – 0,39 болду.

**Белгилердин өз ара байланышы (корреляциясы).** Биз кыргыз жүндүү эчкилерде селекциялык белгилердин өз ара байланыштарын – фенотиптик корреляцияларын аныктадык (15 таблица).

Мында жүндүн узундугу жана кыркылып алынган жүндүн ортосунда өз ара байланышты аныктаганда, эне эчкилердики r=0,62 жана бир жылдык козулардыкы r=0,43, тирүү массасы жана кыркылып алынган жүндүн ортосунда текелердики r=0,48 болот. Жүндүн узундугу жана ичкелигинин ортосунда корреляция бар, бирок чыныгы эмес r=0,21 - 0,25.



Scanned with CamScanner

15 таблица - Кыргыз жүндүү эчкилердин селекциялык белгилердин фенотиптик корреляциялары

| Эчкилердин группалары | Корреляциялоочу белги | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | Жүндүн узундугу – кыркылып алынган жүн | | Жүндүн узундугу – жүндүн ичкелиги | | Тирүүлөй салмагы – кыркылып алынган жүн | |
| | n (жуптар) | r | n (жуптар) | r | n (жуптар) | r |
| Текелер | 22 | 0,38 | 22 | 0,27 | 23 | 0,48 |
| Тубар эчкилер | 16 | 0,62 | 13 | 0,22 | 17 | 0,25 |
| улактар | 20 | 0,42 | 20 | 0,25 | 20 | 0,21 |

**Фермердик чарбаларда кыргыз жүндүү эчкилерди өстүрүүнүн экономикалык натыйжалуулугу.** Кыргыз жүндүү эчкилерди өстүрүү экономикалык жактан кирешелүү чарба болуп саналат. Эң негизги акчалуу кирешени ангор типтеги – могер эчкилеринин жүнүн, асыл тукум текелерди жана эчкилердин этин сатуудан алышат. Мындан жогору кирешени асыл тукумдуу эчкилерди өстүрүүдөн алышат. Ошентип 2013 – жылы алынган асыл тукум «Шамши-Ата» и «Калыгул» фермаларындагы негизги продукцияны сатуудан алынган кирешелер боюнча маалыматтар 15-таблицада көрсөтүлдү.

16 таблица - Асыл тукум «Шамши-Ата» жана «Калыгул» фермаларындагы негизги алынган продукциянын кирешелери

| Көрсөткүчтөр | Өлчөө бирдиги | «Шамши-Ата» асыл тукумдуу фермасы | «Калыгул» асыл тукумдуу фермасы |
|---|---|---|---|
| Эчкилердин саны 1.01. 2013 жылга карата | баш. | 120 | 185 |
| Тубар эчкилер | « - « | 50 | 90 |
| Бир баштан кыркылган жүн | кг | 1,8 | 1,6 |
| Жүндүн дүң алуусу | кг | 216,0 | 296,0 |
| 1 кг жүндүн орточо сатуу баасы | сом | 500,0 | 515,0 |
| Асыл тукум эчкилерди сатылышы | гол. | 40 | 70 |
| 1 баштын орточо сатуу баасы | сом | 3500 | 3000 |
| Алынган киреше: жүн сатуудан | сом | 108000 | 152440 |
| Алынган киреше: асыл тукум эчкилерди сатуудан | сом | 140000 | 210000 |
| Баары | сом | 248000 | 362440 |
| 1 башка эсептегенде | сом | 2067 | 1956 |

1000 даана асыл тукумдуу эчкилердин жүнүнүн продукциясы 562237 сом түзөт.



Scanned with CamScanner

# ТЫЯНАКТАР

1. Түштүк – батыш Кыргызстандын Баткен облусу кыргыз жүндүү тукумдагы эчкилерди багуу жана өстүрүү боюнча негизги аймак болуп саналат. Бул породаны алуудан бери эчкилерди багуу жана өстүрүү шарттары кыйла өзгөрүлгөн. Эчкилердин көпчүлүк бөлүгү жеке чарбаларда жана фермаларда табигый жайттарды пайдалануу менен өстүрүлөт. Эң мыкты асыл тукум эчкилер Кадамжай районундагы фермаларда өстүрүлөт.

2. Азыркы типтеги кыргыз жүндүү эчкилердин тирүү салмагы, экстерьери жана дене түзүлүшүндө жаштык жана жыныстык айырмачылыктары аныкталды. Экстерьердин ченемдери жана тирүү салмагынын чоңдугу боюнча ар кандай жаштагы текелер эне эчкилерден жогору келишет. 1,5 жашында көпчүлүк ченемдердин чоңдугу чоң эчкилерге караганда 60-80 % түзөт. Экстерьер ченемдеринин жогорулугу боюнча ангор эчкилерден басымдуу келишет. Тирүү салмагынын чоңдугу боюнча ангор эчкилерден жана кыргыз жүндүү эчкилерден калышпайт да, денеси кыска жана салмактуу келет.

3. Чоң эчкилердин жана эне эчкилердин жүнү негизинен өтмө буладан жана катуу түктөн турат, бир жылдык серкелердики-өтмө буладан, катуу түктөн жана тыбыттан турат. Булалардын салмагынын орточосу: текелерде өтмө буласы – 94,7 %, эне эчкилерде – 87,9 %, бир жылдык серкелерде – 91,4 %, катуу түгү – 9,3 %, 12,1 % жана 7,3 %.

4. Өтмө буласынын ичкелигинин (диаметри) орточосу: текелерде – 37,9 мкм, эне эчкилерде – 36,1 мкм же Брадфорд классификациясы боюнча 44 - 56 сапаптка дал келет. Бир жашар эчкилердики бир аз ичке. Жүндүн кыркылышы боюнча эң жогорку көрсөткүчтөр кастрат текелерде – 4,6±0,1 кг жана текелерде – 3,7±0,2 кг, эне эчкилерде - 1,8±0,1 кг. болот. Жүнүнүн узундугу, ичкелиги жана кыркылышы боюнча берилген параметрлер кыргыз жүндүү типтеги эчкилердин туруктуу көрсөткүчүнө дал келет.

5. Кыргыз жүндүү эчкилердин эт продуктуулугу канатандыраарлык деп бааланат. 2, 5 жашар эне эчкилердин этинин чыгышы 46,6 % текелердики – 44,5 % түзөт. Эти биохимиялык курамы жана калориялуулугу боюнча канатандыраарлык деп бааланат. 1 кг эттин калориясы 2871 к/калория же 1202 к/джоул түзөт, этинин калориялуулугу боюнча жергиликтүү катуу жүндүү эчкилерден калышат, бирок советтик жүндүү породалуу эчкилердин казак популяциясынан жогору турушат. Эттүлүк коэффициенти (эт менен сөөктөрдүн катышы) 2,4 – 2,5 ке барабар.

6. Кыргыз жүндүү эчкилердин жана жергиликтүү кылчык жүндүү жана сүт багытындагы эчкилердин клиникалык – физиологиялык көрсөт-



Scanned with CamScanner

күчтөрүн салыштырганда дем алуу жана пульстун жыштыгы ар түрдүүчө болгон. Ошондой эле ар кайсы породалуу эчкилердин каны морфологиялык курамы жана биохимиялык көрсөткүчү боюнча айырмаланышат. Мунун себеби кандын физиологиялык абалына жана гемоглобиндин түрлөрүнүн айырмачылыктарына байланыштуу болушу мүмкүн

7. Жүндүн узундугу менен кыркымынын ортосунда фенотиптик корреляция такталган, бул көрсөткүч эне эчкилерде r=0,62, бир жылдык эчкилерде - r=0,42 болду. Тирүүлөй салмагы менен жүн кыркымынын ортосунда фенотиптик корреляция текелерде r=0,48 түздү.Асыл тукум фермаларда ак түстөгү жүндүү эчкилер менен чогуу кочкул күрөң, жана кара жүндүү эчкилер да кездешет. Кара жүндөрүндө өтмө буладан жана катуу түктөн сырткары орточо эсеп менен 11,1 – 13,5 % тыбытуу булалар кездешет б.а. бул аралаш жүн болуп саналат (КШ х КП). Ак жана кара жүн булалардын калыңдыгы (диаметри) боюнча айырмаланат.

8. Кыргыз жүндүү эчкилерди өстүрүү экономикалык жактан кирешелүү чарба болуп саналат. Эң негизги акчалуу кирешени ангор типтеги – могер эчкилеринин жүнүн сатуудан жана асыл тукум текелерди жана эчкилердин этин сатуудан алышат. Мындан жогорураак кирешени асыл тукумдуу эчкилерди өстүрүүдөн, жүндү сатуудан жана жаш эчкилерди сатуудан алып, 1 башын эсептегенде 1956 – 2067 сом түзөт. 1000 даана асыл тукумдуу эчкилердин негизги кошумча продукциясынын баасы 562237 сом түзөт.

## ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР

1. Кыргыз жүндүү эчкилерди сактап калуу жана андан ары көбөйтүү максатында асыл тукумдуу базаны бекемдөө жана кеңейтүү жана фермадагы селекциялык иштердин деңгээлин жогорулатуу керек.

2. Табигый жайыттарды максималдуу иштетүү менен кыргыз жүндүү эчкилердин продуктуулугун жогорулатуу жана санын көбөйтүү үчүн кышында жана эрта жазда жаныбарлардын кошумча азыктануусун концентрацияланган жана катуу тоюттар менен багуу, асыл тукумдуу эчкилердин санын көбөйтүү жана жаш улактардын кароосун жакшыртуу керек.

3. Туугандык аргындашууну болтурбоо жана “кандын жаңылануусу” үчүн фермерлердин ортосунда текелердин курамын алмаштыруу жана ротация жасоо керек о.э. асыл тукумдуу текелерди жаңылоо максатында башка мамлекеттерден, ангор породасын кошо, алып келүү керек.



Scanned with CamScanner

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН ТЕМАСЫ БОЮНЧА ЖАРЫККА ЧЫККАН ИЛИМИЙ ЭМГЕКТЕРДИН ТИЗМЕСИ


1. Жээнбекова Б.Ж. Кыргызская шерстная порода и ее совершенствование [Текст] / Б. Ж. Жээнбекова, И .А. Альмеев // Вестник сельхознауки КыргНИИЖиП. - Бишкек, 2007. - № 2 - С. 11-13.

2. Жээнбекова Б.Ж. Характеристика пород и типов коз южного Кыргызстана [Текст] / Б. Ж. Жээнбекова, И. А. Альмеев, А. Х. Абдурасулов, А. Н. Ногоев, С. Тойгонбаев, Э. Сатканкулов // Вестник ЖАГУ. - Джалал-Абад, 2008. - № 1. - С.- 147-150.

3. Жээнбекова Б.Ж. Породное козоводство Кыргызстана [Текст] / Б.Ж. Жээнбекова, И. А. Альмеев, А. Х. Абдурасулов, А. Н. Ногоев. Э. Сатканкулов // Сб. МСХ Республики Казахстан. - Алма-Аты, 2008, Т. II. - С. 88-93.

4. Жээнбекова Б.Ж. Племенная база – основы развития породного козоводства [Текст] / Б. Ж. Жээнбекова, И. А. Альмеев, Э. Сатканкулов // Вестник сельхознауки КыргНИИЖиП. - Бишкек, 2009 - № 1. – С. 8-11.

5. Жээнбекова Б.Ж. Кыргыз жүндүү породасындагы эчкилерди интерьердик өзгөчүлөктөрү жана гематологиялык көрсөткүчтөр [Текст] / Б. Ж. Жээнбекова, Э. Сатканкулов, И. А. Альмеев // Вестник КНАУ им. К.И. Скрябина. – Бишкек, 2010 № 1 (17). - С. 128-131.

6. Жээнбекова Б.Ж. Особенности экстерьера и телосложения современного типа кыргызской шерстной породы коз [Текст] /Б. Ж. Жээнбекова // Вестник КНАУ им. К.И. Скрябина. – Бишкек, 2010. - № 1 (17). - С. 147-151.

7. Жээнбекова Б.Ж. Эффективность разведения коз кыргызской шерстной породы в частных фермерских хозяйствах Баткенской области [Текст] /Б. Ж. Жээнбекова // Вестник сельхознауки КыргНИИЖиП. - Бишкек, 2011. - № 4. - С. 34-37.

8. Жээнбекова Б.Ж. Эчкилерди өстүрүү жана багуу жөнүндө методикалык көрсөтмө [Текст] / Б. Ж. Жээнбекова, И. А. Альмеев, С. Ш. Мамаев, Ч. Кадырова // - Бишкек, 2012. - 23 с.

9. Жээнбекова Б.Ж. Параметры качества шерстного покрова у кыргызских шерстных коз белого и темного типов [Текст] /Б. Ж. Жээнбекова, И .А. Альмеев // Вестник сельхознауки КыргНИИЖиП. – Бишкек, 2012. - № 6. - С. 53-55.

10. Жээнбекова Б.Ж. Мясная продуктивность и качество мяса современного типа кыргызской шерстной породы коз [Текст] / Б. Ж. Жээнбекова // Вестник КНАУ им. К.И. Скрябина. – Бишкек, 2012. - № 3 (22). - С. 252-255.




Scanned with CamScanner

11. Жээнбекова Б.Ж. Состояние генетических ресурсов коз Кыргызстана [Текст] / Б. Ж. Жээнбекова, И. А. Альмеев, С. Ш Мамаев // Сб. науч. тр. Материалы юбилейной международной научно-практической конференции «Белые ночи». - Санкт-Петербург, 2013. - часть. II. - С. 22-25.

12. Жээнбекова Б.Ж. Изменчивость признаков качества шерсти кыргызских шерстных коз [Текст] / Б. Ж. Жээнбекова // Вестник сельхознауки КыргНИИЖиП. – Бишкек, 2014. - № 9. - С. 76- 79.

13. Жээнбекова Б.Ж. Клинико–физиологическуие и гематологические показатели кыргызской шерстной породы коз [Электронный ресурс] / Б.Ж. Жээнбекова // Интернет-журнал ВАК КР,2014 – Режим доступа: naKKr/ ory :81 /jurnal/- Загл с экрана.

14. Жээнбекова, Б.Ж. Научные исследования по разведению и селекции коз в Кыргызстане [Текст] / Б. Ж. Жээнбекова, И. А. Альмеев, А. Х. Абдурасулов, Э. Сатканкулов // Вестник КНАУ им. К. И. Скрябина. – Бишкек, 2014. - №1 (30). - С. 213-216.

15. Жээнбекова Б. Ж. Продукты убоя и интерьерные показатели кыргызских шерстных коз [Текст] / Б. Ж. Жээнбекова, К. М. Ураимов // Материалы международной научно-практической конференции «Формы и методы социальной работы в различных сферах жизнедеятельности». - Улан-Удэ, 2015. – С. 140-141.

16. Жээнбекова Б.Ж. Селекция в козоводстве Кыргызстана [Текст] / Б. Ж. Жээнбекова, А. Х. Абдурасулов, И. А. Альмеев // Международная научно-практическая интернет-конференция «Актуальные вопросы ветеринарной и зоотехнической науки и практика». – Ставрополь, 2015. - часть I. - С.-243-250.

17. Жээнбекова Б.Ж. Изменичивость и повторяемость селекционируемых признаков кыргызской шерстной породы коз [Текст] / Б. Ж. Жээнбекова, И. А. Альмеев, Т. Ж. Турдубаев // Международная научно-практическая интернет-конференция «Актуальные вопросы ветеринарной и зоотехнической науки и практика». - Ставрополь, 2015. - часть I. - С. 281-284.

18. Жээнбекова Б.Ж. Сохранение и совершенствование генофонда кыргызской пуховой породы коз [Текст] / Б. Ж. Жээнбекова, А. Х. Абдурасулов, И. А. Альмеев // Международная конференция «Инновационные разработки молодых ученых–развитию агропромышленного комплекса». - Ставрополь, 2016. – Т. 1, вып. 9. - С. 54-57.



Scanned with CamScanner

## РЕЗЮМЕ

**диссертации Жээнбековой Бурулай Жолболдуевны на тему: «Хозяйтвенно-полезные признаки и биолого-генетические особенности кыргызской шерстной породы коз в условиях юго-западного кыргызстана» на соискание ученой степени кандидата сельскохозяйственных наук по специальности 06.02.07 – разведение селекция и генетика сельскохозяйственных животных.**

**Ключевые слова:** кыргызская шерстная порода коз, методы селекции, экстерьер, телосложение, живая масса, мясная продуктивность, шерстные качества интерьерные особенности, селекционно-генетические параметры, денежные доходы.

**Объекты исследований:** козы кыргызской шерстной породы частных племенных ферм Кадамжайского района Баткенской области, хозяйственно-полезные признаки, биолого-генетические особенности животных современного типа и экономическая эффективность разведения.

**Цель исследований:** изучение хозяйственно-полезных признаков, биологических и генетических особенностей коз кыргызской шерстной породы при разведении в условиях частных фермерских хозяйств юго-западного Кыргызстана.

**Методы исследований:** использовались зоотехнические и математические методы, общепринятые методики изучения параметров качества шерсти, лабораторных анализов биохимического состава мяса, крови и генетико-статистические методы.

**Полученные результаты и их новизна:** впервые на основе комплексного изучения определены параметры хозяйственно-полезных признаков и биолого-генетические особенности коз кыргызской шерстной породы при разведении в условиях частных фермерских хозяйств, что будет способствовать повышению продуктивности и качества шерсти.

**Область применения:** сельское хозяйство.

**Жээнбекова Бурулайдын Жолболдуевнанын «Кыргызстандын түштүк-батыш шартындагы кыргыз жүндүү породасындагы эчкилердин биолого-генетикалык өзгөчөлүктөрү жана чарбалык пайдалуу белгилери» деген темадагы 06.02.07 – айыл чарба малдарын өстүрүү, асылдандыруу жана генетикасы адистиги боюнча айыл чарба илимдеринин кандидаты илимий даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясынын кыскача**

## КОРУТУНДУСУ



Scanned with CamScanner

**Негизги сөздөр:** кыргыз жүндүү породасындагы эчкилердин, селекциялык ыкмалары, экстерьер, дене түзүлүш, тирүүлөй салмак, эт продуктуулук, жүндүн сапатуулугу, интерьердик өзгөчөлүктөр, селекциялык-генетикалык параметрлер, акча кирешеси.

**Изилдөөнүн объектиси:** Баткен облусунун Кадамжай районундагы асыл тукум фермердик чарбасынын кыргыз жүндүү породасындагы эчкилердин чарбалык-пайдалуу белгилери, биолого-генетикалык өзгөчөлүктөрү жана экономикалык натыйжалуулугу.

**Изилдөөнүн максаты:** Кыргызстандын түштүк-батыш фермердик чарбасынын шартында кыргыз жүндүү породасындагы эчкилерди өстүрүү, биологиялык жана генетикалык өзгөчөлүктөрүн, чарбалык пайдалуу белгилерин изилдөө.

**Изилдөөнүн ыкмалары**: зоотехникалык жана математикалык ыкмалар, жалпы кабыл алынган изилдөө ыкмалары, жүндүн сапатуулук параметрлери, эттин, кандын биохимиялык курамынын анализи, генетика-статистикалык ыкмалар.

**Алынган натыйжалар жана алардын жаңылыгы:** фермердик чарбалардын шартында биринчи жолу кыргыз жүндүү породасындагы эчкилерди өстүрүү, биолого-генетикалык өзгөчөлүктөрү жана чарбалык пайдалуу бегилери боюнча параметрлери, жүндүн сапатуулугу жана жогору продуктуулук жөндөмдүүлүгү аныкталды.

**Колдонулуучу чөйрөсү**: айыл чарбасы.


## SUMMARY

**of Jeenbekova Burulai dissertation on theme: "Economic-useful signs and biological-genetic features of the Kyrgyz wool breed of goats in the conditions of south-western Kyrgyzstan" for the scientific degree of candidate of agricultural sciences on specialty 06.02.07 - breeding breeding and genetics of farm animals.**

**Key words:** kyrgyz wool breed of goats, methods of selection, exterior, physique, live weight, meat production, wool quality interior features, selection and genetic parameters, cash incomes.

**Research objects:** goats of the Kyrgyz wool breed of private breeding farms of the Kadamjai district of the Batken oblast, economic-useful signs, biological and genetic characteristics of animals of the modern type and economic efficiency of breeding.

**Research aim:** studying of economic-useful signs, biological and genetic features of goats of the Kyrgyz wool breed at breeding in the conditions of private farms of south-western Kyrgyzstan.




Scanned with CamScanner

**Research methods:** zootechnical and mathematical methods were used, generally accepted methods for studying the quality parameters of wool, laboratory analyzes of the biochemical composition of meat, blood, and genetic and statistical methods.

**The obtained results and their novelty:** for the first time on the basis of a comprehensive study, the parameters of economic beneficial traits and the biologic and genetic features of goats of the Kyrgyz wool breed were determined for breeding in private farms, which would improve the productivity and quality of the wool.

**Field of application:** agriculture.



Scanned with CamScanner

Форматы 60х84 $^{1}/_{16}$. Офсет кагазы. Көлөмү 1,5 басма табак.
Нускасы 100 даана.

«Кут-Бер» ЖЧК басмаканасында басылды. Бишкек ш., Медеров көч., 68

Scanned with CamScanner